КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6-июль 2022-ж.№ 08 Бишкек ш.

**Тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 2-декабрындагы №27 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2022-жылдын 30-июнундагы № 386 токтомунун (№ 6э/к-4/6 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы (авторефераты боюнча); 07.00.03 – жалпы тарых (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, доцент Болпонова Асыл Бактыбековна Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктундагы талаптарга ылайык келбегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жалпы тарых жана социалдык-экономикалык дисциплиналар кафедрасынын профессорунун м.а., тарых илимдеринин доктору, доцент Усупова Назира Станбековна 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы (авторефераты боюнча); 07.00.03 – жалпы тарых (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды карoo укугу менен тарых, философия илимдери, искусство таануу жана маданият таануу боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**